**УДК 070**

**КАЛЧАЕВА Л.Т., АЛДАШОВА Г.М.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
**KALCHAEVA L.T., АЛДАШОВА Г.М.**
*KNU J.Balasagun*

# “АЗАТТЫКТЫН” ТЕЛЕДОЛБООРЛОРУНУН КЫРГЫЗСТАНДЫН МЕДИА ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮРОЛУ ЖАНА ОРДУ

## Роль и место телепроектов "Азаттык" в медиа сфере Кыргызстана

## The role and place of "Azattyk" TV projects in the media sphere of Kyrgyzstan

***Аннотация:*** *Макалада “Азаттык” медиамекемеси тарабынан даярдалган актуалдуу теледолбоорлор тууралуу сөз болот. Эл аралык масштабдагы салмагы бар, тарыхый жолу узак “Азаттык” медиамекемесинин теледолбоорлорунун Кыргызстандын аудиториясында өз орду бар. Алардын максаты, жанрдык, формалык ар түрдүүлүгү белгиленди. Теледолбоорлордун маалыматтык, таанытуучу ролунун учурдагы абалы, программанын алып баруучуларынын жаңычыл ыкмалары, алып баруу чеберчиликтерине баа берүүгө аракеттер жасалды.*

***Аннотация:*** *В статье идет речь об актуальных телепроектах, подготовленных медиагруппой “Азаттык". Телепроекты медиагруппы “Азаттык”, имеющие вес в международном масштабе и богатую историю, имеют свою нишу в кыргызстанской аудитории. Отмечено их целевое, жанрово разнообразие. Предприняты попытки оценить текущее состояние информационной, познавательной роли телепроектов, новаторские подходы, мастерство ведущих.*

***Abstract:*** *The article will focus on current TV projects prepared by a media agency” Azattyk". The TV projects of the Azattyk media group, which have an international weight and a historically long history, have their place in Kyrgyzstan. Their target, genre, and formal diversity is noted. Attempts were made to assess the current state of the informational and cognitive role of TV projects, innovative approaches, and the skills of the program hosts*

***Урунттуу сөздөр:*** *теледолбоор, “Азаттык”, жаштар телепрограммасы, “Ынгайсыз суроолор”, аудитория, маек, журналисттик иликтөө, алып баруучу.*

***Ключевые слова:*** *телепроект, “Азаттык”, молодежная телепрограмма, “Ынгайсыз суроолор”, аудитория, беседа, журналистское расследование, ведущий.*

***Keywords:*** *TV show, “Azattyk”, TV program, audience, conversation, investigative journalism, host.*

Жаңы кылымдын босогосуна кадам таштагандан тартып, дүйнө коомчулугу бир топ жаңы ачылыштарды, жетишкендиктерди, техникалык өнүгүүлөрдү башынан өткөрүп келе жатат. Коомдо кандай гана жетишкендиктер болбосун алар ошол коомчулуктун таасири менен ишке ашырылат. Мына ушундай жетишкендиктердин бири - массалык маалымат каражаттарынын прогресси. Азыркы күндө жалпыга маалымдоо каражаттары өнүгүүнүн кеңири жолунда. Салттуу болгон басма сөз, радио, телекөрсөтүүгө

кошулуп, Интернеттин өнүгүшү жана массалык колдонууга өтүшү менен социалдык тармактардан маалымат алуу, таратуу ыкмалары кеңири жайылууда.
Коомдун өнүгүшү менен телекөрсөтүүлөр жаңылык берип эле тим болбой, коомдогу социалдык, саясий, экономикалык маселелер, белгилүүлөр же чөйрөгө али таанылa элек өзгөчө инсандар, алардын тагдыры тууралуу ар тараптуу программаларды даярдоону өздөштүрүштү, программалардын сапаттуулугуна, аудитория менен болгон карым-катышына өзгөчө басым жасай башташты. Мурдагыдай көлөмдүү очерктердин, баяндамалардын ордун кыска, бирок так маалыматтарды камтыган, көрүүчүнү чарчатпаган формалар басууда. Ошондой эле тигил же бул багыттагы адамды башка бир маанайда элге көргөзүүчү ыкмалар дагы пайда болду. Бирок, телеканалдарда тигил же бул маселенин тегерегинде ашыкча ызы-чуу жасоо, адамды жөнү жок жерден каралоо же ашыра мактоо багытындагы программалар дагы орун алып келүүдө.
Кыргызстандын коомчулугу арасында өтө чоң ишенимге ээ болгон радиоуктуруулары, жаштар эле эмес бардык көрөрмандар күтүп көргөн **“Азаттык+”** жаштар программасы, саясат айдыңында ар бир берүүсү бүйүр кызыткан **“Ыңгайсыз суроолор”,** жашаган материги бир, алыскы, жакынкы, коңшулаш мамлекеттердин жаңылыктары менен бөлүшкөн **“Каректе Евразия”,** жергиликтүү социалдык проблемаларды чагылдырган **“Данисте”,** турмуштук кеп-кеңештери менен бөлүшкөн **“Эже-сиңдилер”,** күн сайын дүйнөдөгү жаңылыктардын тамырын кармап турган **“Эл аралык жаңылыктар”**, акыркы учурда көпчүлүктүн бүйүрүн кызыткан **“Журналисттик иликтөө”** сыяктуу популярдуу теледолбоорлордун башаты болгон “Азаттык” радиосу 1952-жылы Мюнхенде негизделген. Негиздөөчү мамлекет – АКШ.
Экинчи дүйнөлүк согуш аяктаган соң, дүйнө эли капиталисттик жана социалисттик режимде жашаган мамлекеттер ортосунда эки ажырымга түштү. Анын ичинде мурунку союздаштар АКШ жана СССР ортосунда “кансыз” согуш башталып калган. “Азаттык” радиосу АКШнын Борбордук чалгындоо башкармалыгы тарабынан каржыланган совет элинин эркиндиги үчүн уюштурулган долбоор эле. Максаты – советтик коммунизмге каршы чыккан СССРдин жана башка социалисттик мамлекеттердин ар башка улуттук топторунун башын бириктирүү болчу. Алгач долбоор “СССР элинин эркиндиги үчүн америкалык комитет” деп аталып, кийин “Большевизмден бошотуунун америкалык комитети” деген аталышка токтошот. Ушул долбоордун алкагында 1952-жылы Батыш Германиядагы Старнберг шаарында конференция уюштурулат. Бул конференцияда АКШ колдоого алган комитеттер радиоуктурууну обого чыгаруу боюнча өз макулдуктарын беришкен.
Ошентип, Европанын чыгыш өлкөлөрүнө багытталган “Эркин Европа” жана СССР элдерине арналган “Азаттык” радиолору өз ишин баштаган.

Радиоуктурууларды СССР аймагына жеткирүүнүн эки жагы бар болчу: биринчиси – совет бийлиги аба толкундарына канчалык аракет кылбасын толук тоскоолдуктарды жаратууга туруштук бере албайт болчу; экинчиси – Советтер Союзунда жашаган эл өз өлкөлөрүндө болуп жаткан окуяларды башка көз караш та угушат болчу.
1953- жылдын 1-март күнү “Азаттык” радиосунун орус тилиндеги чыгарылышы биринчи жолу обого чыгарылган. Ушундан 2 жума өткөндөн кийин орус тилинен тышкары 11 тилдеги чыгарылыштар обого даярдалган. Кыргыз кызматынын алгачкы чыгарылышы Сталиндин өлүмүн кабарлаган маалымат менен эфирге кеткен. Кызматтын жетекчиси жана алып баруучусу катары **Азамат Алтай** деген псевдоним менен белгилүү болгон Кудайберген Кожомбердиев ишке киришкен. “Азаттыктын" Түркестан бөлүмүндө ар кандай учурларда Төлөмүш Жакып уулу, Майра Жакыпова, Аким Өзгөн сыяктуу журналисттер иштеген. Совет бийлиги тарабынан кысымга, ободогу тоскоолдуктарга карабай алыскы кыргыз жеринде “Азаттыктын” уктурууларын уккандар бар эле. Радиосу бар кыргыздар шаар сыртына чыгып Алтайдын 15 минуталык жаңылыктарын калтырбай угушчу. 1974-жылы “Азаттыктын” Түркестан бөлүмү 3 бөлүмгө ажыратылып, кыргыз кызматы түркмөн, тажик кызматтары менен өзүнчө бөлүмдү түзүп калат. Ал эми 1976- жылы кыргыз кызматы өзүнчө бөлүнүп чыгып, аны Төлөмүш Жакып уулубашкарып калган. 1990- жылдан баштап Кыргызстан боюнча өз кабарчысы болуп Кадыралы Конкобаев иштей баштайт. Орто Азия мамлекеттеринин ичинен “Азаттыктын” башкы кеңсесинде биринчи болуп Кыргызстандын кабарчысы иштей баштаган.
Эгемендүү Кыргызстандын аймагында “Азаттыктын” программалары 1992-жылдын июль айынан баштап кечки саат 21.00 – 22.00 чамаларында уктурула баштаган. 1994-жылдын февраль айында Бишкекте кабарчылардын пункту официалдуу ачылат.
"Азаттык" радиосуна ар кандай уюмдар өздөрүнүн жогорку баасын берип, анын маалыматтарынын ынанымдуулугун, нейтралдык позицияны жакшы кармагандыгын баса белгилешип, Кыргызстандагы адам укугун, ачык коомдун калыптанышы, эркин маалымат алуу, азат ой-жүгүртүү кызматы үчүн иштеп жаткандыгын айтып келишет.
"Азаттык" радиосу Алатоолуктардын көйгөйлүү маселелерин коомчулукка коко тикенек сымал сайылган олуттуу проблематиканы, ар тараптуу чагылдырып, ары көйгөйлүү окуяларды жар салып келет. Программалардын даярдалышында темага чектөө жок. Эфир алдында бардык даярдалган программалар жетекчинин текшерүүсүнөн өтөт. Ишенич булагы болуп окуянын болгон жери эсептелинет. “Азаттыктын” эфиринде кеткен актуалдуу жергиликтүү маалыматтар башка чет тилдерге которулуп, дүйнөлүк аудиторияга таркатылып турат.

Ошондой эле мамлекеттеги акыркы жылдаркы саясий маанайдагы программаларды таратууда зор жетишкендиктерге жетишти. “2005-2010 – жылдардагы революциялардын жүрүшүндө дүйнө эли менен катар Кыргызстандын 45% эли “Азаттыкты” тыңшап турду [3:52] .
Мекеме азыр акыркы үлгүдөгү мыкты техникалык жабдуулар жана байланыш каражаттары менен жабдылган. Кыргызстандагы бөлүм республиканын ичиндеги кабарды, региондордогу өз кабарчылардан, мамлекеттен тышкары четте интернеттен жана Прагадагы бөлүмдөн алышат. Прага бөлүмү дүйнөлүк эң чоң маалымат агентстволору менен тыгыз байланыштырып, такталган маалыматтарды таратышат. Мисалы: Би-Би-Си, Рейтер, Эн-би-Си, Интерфакс, Евроньюс ж.б.у.с.
"Азаттык" үналгысынан ушул тапта Кыргызстандагы жана Эл аралык жаңылыктарды күн сайын жогоруда айтылган журналисттердин даярдоосунда угуп эле эмес көрүүгө дагы мүмкүн. Мындан сырткары олуттуу окуялар тууралуу серептердин, маектердин жана репортаждардын тексттерин, үндөрүн жана видео тасмаларын "Азаттык" үналгысынан интернет сайтынан таап алууга болот: www.azattyk.org. Дүйнө информациялык кылымга кадам шилтеди. Интернеттин күндөлүк турмушка улам тереңдей кириши менен маалымат мейкиндигинде революциялык секирик жүрүүдө. Бул учкаяк заманда маалыматтар өз кардарына жеткиче саат эмес, мүнөт санап эскирип жатат.
Интернет сайт учурда тездик менен өсүүдө. Айына 350 миңге жакын окурман журтчулугу окуйт. Негизги аудиториянын көпчүлүгү Түркия, Америка, Орусия, Кытай жана Европа өлкөлөрүнун окурмандары экендиги тастыкталган. Бей тараптуу, эмоцияга алдырбаган, фактылар менен берген материалдарды оперативдүү, өз маалында берген булак катары чет жакта жургөндөрдүн баары Кыргызстанга болгон куса, сагынычын “Азаттык” аркылуу чыгарат.
Учурдагы “Азаттык Медиа” мекемеси үч багытта иш алып барат.

1. “Азаттык” радиоберүүлөр топтому
2. “Азаттыктын” теледолбоорлору
3. “Azattyk.kg” интернет баракчасы

Саясат, адам укуктары, сөз эркиндиги, экономика, коопсуздук жана коргонуу, коом жана турмуш, маданият, илим жана билим берүү, дин, спорт жана туризм маселелерин кенири чагылдырылган аналитикалык материалдар уктурулуп, көрсөтүлөт. Маалыматтын өзөгүн өлкөбүздөгү жана дүйнөлүк мейкиндиктеги кабарлар түзөт.
Азыркы учурда "Азаттык" радиосун америкалык гражданин Кевин Клоуз жетектеп турат. “Азаттыктын” бөлүмдөрүндө жалпысынан 20дан ашык тилде радио жана телепрограммалар даярдалып турат.

Кыргыз үнүн Европага же жалпы эле дүйнө жүзүнө тараткан "Азаттык" радиосунун Прагадагы бөлүмүнүн жетекчиси Венера Сагындык кызы жана ошондой эле Гулайым Ашакеева, Жаныл Чытырбаева, Али Токтакунов (2020- жылдын октябрь айынан баштап, бул мекемеде иштебей калгандыгын билдирди) , Ыдырыс Исаков, Улан Алымкул уулу, Амирбек Усманов жана тажрыйба алмашуу жана топтоо үчүн башкы кеңсесине кеткен Элиза Кененбаева иштешет.
Учурда "Азаттыктын" Бишкектеги бөлүмүн Айзада Касымалиева жетектеп турат. Кыргыз бөлүмүндө азыр (Бишкектеги) элүүдөн ашуун журналисттер эмгектенишет. Алардын жарымынан көбү кабарчылык иш алып барат. Ушул коллектив аудиториянын кызыгуусун жараткан көптөгөн теледолбоорлорду ишке ташырууда десек болот.
"Азаттыкка" тиешелүү алгачкы теледолбоорлордун бири "Азаттык плюс" жаштар программасынын пайда болушу аз убакыттын ичинде эле кыргыз көрүчүүлөрүнүн сүймөнчүлүгүнө ээ болду. Жаштардын аудиториясын камтуу маселеси көтөрүлүп, жаңы проект түзүү максатка коюлат. Биринчи команда 2004-жылы он эки бала тандалып алынып, алгач радиодолбоордо иштешкен. Кийин 2005 - жылы март революциясынан кийин теле долбоор да түзүлүш керек деген милдет коюлган. Биринчи «Азаттык +» телепрограммасын Султан Каназаров жана Аида Касымалиева алып барышкан, программанын темасы «Виртуалдык жашоо» деп аталган.
Бүгүнкү күнгө чейин "Азаттык+" программасында көптөгөн алып баруучулар иштеп кетишти. Аларга: Айгул Жунушалиева, Мирлан Токтоналиев, Султан Каназаров, Аида Касымалиева, Жанар Акаев, Каарманбек Кулуев, Элиза Кененбаева, Айгерим Акылбекова, Али Токтакунов жана азыркы алып баруучулар Айкөл Нурланбеков жана Айзада Топчубаева.
"Азаттык +" тун таанымал жүзү болгон Жанар Акаев алып барып турган мезгилде "Азаттык +" телеберүүсү кызыктуу жана көрүүчүнү өзүнө тартып турчу. Азыр ал КРнын ЖКнин депутаты, такшалган жаш саясатчы катары таанылууда.
Акыркы учурда "Азаттыкка" тиешелүү журналисттик иликтөөлөрү менен таанылган **Али Токтакунов менен Болот Темировдун** программалар сериясы, Кыргызстандын элин эле эмес, Кыргызстандын саясий системасына, андагы коррупция темасына, анын ичинде бажыдагы баш-аламандыктын чиеленишкен түйүнүнө кызыккан чет элдиктердин дагы көңүлүн бурдурду. Ар жума сайын эфирге даярдалып турган "Бажыдагы миллиондор: калкалоо жана карактоо", "Миллиондор изи: Абдукадыр кланынын сансыз мүлкү", "Дубайдагы шериктештик", "Көмүскө акча ташыгандар изи", "Аткарылбай калган убада" ж.б.у.с. атайын иликтөөлөрү коомдук резонанс жаратты.
А.Токтакуновдун иликтөөлөрүнө мамлекеттик бийлик тарабынан дагы көңүл бурулуп, учурда программада келтирилген фактыларды териштирүү

багытындагы сот иштери жүрүүдө. Ал иликтөөлөр элдин назарын буруп эле тим койбостон, ошонун чын-бышыгына жетүү, акыйкаттыкты талап кылуу багытында жарандык коомдо аракеттер дагы пайда болду.

2017-жылдан бери даярдалып жаткан "Азаттыктын" жаңы телеболбоорлорунун бири "Данисте" программасы тематикалык ар түрдүүлүгү менен бай. **"Данисте"** сөзүнүн мааниси байыркы түрк тилинде **"Күн тартибинде"** дегенди түшүндүрөт. Теледолбоор жашап жаткан коомдогу социалдык маселелер, көйгөйлөрдү, жалпы журттун көңүлүн оорутуп жаткан маселелерди көтөрүп чыгып, аларга көңүл бурууга чакырат. Аны менен катар "Данисте" программасын келечекке багыт берүүчү, карапайым эл арасындагы өзүнүн өзгөчөлөнгөн өнөрлөрү, көз карашы, касиети менен башкаларга үлгү болуучу турмушка ээ, белгисиз каармандарды тааныштыруу максатын дагы көздөшөт. Ошондой эле, программанын алкагында Республикада болуп жаткан реформалардын өзөгүн, анын түпкү маанисин калктын калың катмарына, аң-сезимине туура жеткирүү максаты коюлган. Мамлекеттеги демократиянын калыптанышына өз таасирин, өз салымын кошкон коомдук, саясий ишмерлердин басып өткөн жолун, алардын кырдаалга жараша коомго жетпей, белгисиз болуп калган учурларын ачып берүүдө аргументтерди туура пайдалануу, так маалыматтардын негизинде элди ынандырган программа катары аудиториянын кызыгуусун арттырууда. "Данисте" программасынын акыркы чыгармалары дагы пандемия учурундагы социалдык проблемаларга арналды. Мисалы, "Бааны көтөргөн чайкоочулар", "Коронавирустан кантип сактанса болот", "Окуучуларды жүдөткөн онлайн окуу" ж.б.у.с. Айрым берүүлөрдү алып баруучу Сабыр Абдимомунов үй ичинен сыртка чыкпай алып барган күндөрү болду.

"Азаттыктын" эң популярдуу теледолбоорлорунун бири **"Ыңгайсыз суроолор"** программасы алгач радиодолбоор катары ишке ашкан. Актуалдуу проблеманын тегерегиндеги маек, талкуу катары эфирден орун алган. Алгачкы алып баруучусу – Бүбүкан Досалиева. Андан соң, УТРК менен биргеликте 2005- жылы айтылуу март революциясынан кийин, телеверсиясын дагы чыгаруу кызыкчылыгы жаралып, алгачкы эле чыккан теледолбоорунун рейтинги күн санап өскөн. Программанын максаты – бир маселеге эки тараптын пикирин түз эфирде (азыркы учурда көбүнчө алдын-ала тартылуу менен) маекке тартуу. Программанын жүрүшүндө маек – кандай структурадан түзүлөт, кандай иш алып барат, деги эле ал аркылуу алып баруучу эмнелерди ала алат жана көрөрманга эмне жеткирип берет деген суроолор жаралбай койбойт.

"Ыңгайсыз суроолор" программасындагы маектин милдети – көрөрмандарга жаңы нерсе тууралуу бир теманын тегерегинде ар тараптуу пикир алышуунун негизинде, терең анализдин жыйынтыгын кабарлоо. Маектин темасы актуалдуу, учурга жараша кызыктуу болушу шарт. "Ыңгайсыз суроолор" программасы көпчүлүк учурларда атайын студияда же ыңгайлуу жайда

өткөрүлөт. Мында маекти уюштуруп жаткан журналист, эң биринчи иретте маектин катышуучусунун эмес, аудиториянын кызыкчылыгын эске алышы керек. Көрөрман маектешүүдөгү айтылган сунуш, ой пикир, кеп-кеңештердин ага карата айтылып жаткандыгын сезип турушу абзел. Программада көбүнчө өлкөбүздөгү саясий абал, саясий чөйрөдөгү эки жээктеги (оппозиция жана пропозиция) 2 маектеш чакырылып аларга алып баруучу тарабынан, ошол эле учурда маектештер бири-бирине кызыкдар суроолорун, жоопторуна аргументтерин бере алышат. "Ыңгайсыз суроолор" берүүсү учурунда маек эле уюштурулбастан, мүмкүн болушунча коюлган маселеге тиешелүү башка сюжеттер, телефон аркылуу башка каармандардын тастыктоосу, электрондук кат алмашуу, документтер (отчеттер, стенограммалар, докладдар, билдирүүлөр) менен иштөө кеңири жайылган. Мындай кадамдар угармандын, көрармандын маекке карата ишенимин арттырып, ошол маселе боюнча мурда ачыкталбаган маселелер тууралуу кеңири түшүнүк алып бир жыйынтыкка келет [5:35].

"Ыңгайсыз суроолор" программасынын тарыхында ага көптөгөн тажрыйбалуу журналисттер алып баруучу болушту. Алар: Бүбүкан Досалиева, Кыяс Молдокасымов, Бурулкан Сарыгулова, Султан Жумагулов, Султан Каназаров, Жанар Акаев, Тынчтык Чоротегин, Кубат Оторбаев ж.б. Ал эми акыркы 3 жылдан бери берүүнү Айзада Касмалиева алып барат. Бул алып баруучуларды бириктирип турган нерсе алардын интеллекти, кесипкөйлүгү, эки жакка тартпаган туруктуу позициясы, суроолорду узатуудагы күчтүү маалыматтык даярдыгы.

Айзада Касымалиеванын эфир алып баруу учурундагы жаакташкан эки жакты дагы ийине келтирген аргументтерди өз убагында кое билүүсү, ар бир маектешине бирдей салкын мамилеси, кийинүү стили анын негизги ыкмаларынынбири.

"Тегерек стол" форматында "Азаттык" медиасында 2018-жылы дагы бир жаңы долбоор пайда болду. Бул **"Эже-сиңдилер"** социалдык берүүсү. Бул программанын максаты – аялдарга байланыштуу коомдогу социалдык көйгөйлөрдү, улуттук каада-салттын күнгөй-тескейин, турмуштук тажрыйба, сабактарды, демилгелерди ар тараптуу бир туугандай, эже-сиңдидей ортого салып, талкуулап, аудиторияга сунуштоо. Мисалы, бул программада көтөрүлгөн темалар: "Аялдарга артпаган кесиптер", "Кордук көргөн аял, коргобогон коом", "Энелердин эстен кеткис түйшүгү", "Аялды мандаттан алыстаткан жагдайлар", "МеToo же Голливуддагы жыныстык зомбулук", "Карантинде кадыры арткан медайымдар", "Карантинде кор болгон аялдар" ж.б. Башкача айтканда, ар бир жагдайга тиешелүү аялдын ордун, укугун, коомдун көз караштарын тигил же бул тармактагы атайын адистердин, эксперттердин жардамы менен коомчулукка алып чыгып эле тим болбостон, коомдун көңүлүн бурдуруу жана жаңы аял үчүн ыңгайлуу тараптарга буруу, кеңеш берүү максатында даярдалат. Алгач берүүнү Бурул Сарыгулова, андан соң, чакырылган конок-эксперттер дагы алып

баруучулук милдетти аркалап жүрдү. Учурда Айгерим Акылбекова менен Алия Суранова кезектешип алып барышат.

Кыргызстандагы саясий абалдын туруксуздугу, өлкө башынан өткөргөн
2 жолку ыңкылаптарда “Азаттыктын” программаларынын ролу чоң болгон, анткени, мамлекеттик телеканалдардан таппаган трибунаны ошол учурдагы бийликке оппоненттер “Азаттыктан” издешкен. Бул багытта карачу жагдайлар өтө арбын. 2005-жылдагы март ыңкылабынан соң, “Азаттыктын” көптөгөн медиа долбоорлору КТРКнын радио жана телеэфиринен орун алган. Бирок, көп узабай алардын үзгүлтүксүз эфирден чыгуусуна тоскоолдуктар жаралган. 2010-жылдагы апрель революциясынан соң дагы, ушундай эле учурлар кайталанган десек болот. Жакында эле 2020-жылдын октябрь айында болуп өткөн окуялардан соң дагы “Азаттыктын” программалары мамлекеттик ЭлТР каналынан кетүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырады.

Азыр “Азаттыктын” теледолбоорлору медиамекеменин өз студияларында даярдалып, Кыргызстандагы жеке менчик багыттагы НТС, Next TV, Жалбырак ТВ сыяктуу телеканалдардан көрөрмандарга сунушталып жатат. Мындан тышкары, азыркы санарип доорунда алардын ар бир программасы Facebook, You Tube, Instagram өңдүү социалдык баракчалардан дагы орун таап, аудиториясын кеңейтүүдө.

Кыргызстанда “Азаттыкка” анын долбоорлоруна, кабарчыларына, алып баруучуларына дагы деле эки ача пикирлер көп. “Алар башка мамлекеттин, тактап айтканда АКШнын саясатын колдогондор, кыргыз элине жаманчылык издеп, чыккынчылык кылат, айрым көйгөйлөрдү атайын уюштурат, элди козутат ж.б.у.с.” – ой-пикирди кармангандар “муздак согуш” жылдары артта калганына карабай, азыр деле арбын.

Бирок, алар көтөргөн көпчүлүк маселелер, көйгөйлөр чын эле биздин өлкөнүн ар тармагында орун алып жатканы, аларды чагылдыруудагы бейтараптуулук позицияны кармануу принциби сакталаары, КТРКнын коомдук статусун алганына 10 жылдан ашса да, улам бир бийлик башындагы адамдардын камчысына айланып жатканы, ал жактан эфир алалбагандар, аргасыз“Азаттыктын” долбоорлору аркылуу жалпы эле өз кайрылууларын, максаттарын билдирүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуп жатышат.

Мындан тышкары, “Азаттыктын” теледолбоорлору коомдун ар тармагынабагытталып, ар бир тармакты терең иликтөөгө, үзгүлтүксүз ал тармак тууралуу маалымат таратууга жол ачты. Маселен:

- **“Ыңгайсыз суроолор”** (алып баруучусу –Айзада Касымалиева) коомдук-саясий темадагы маек дискуссия;
- Социалдык, саясий, экономикалык, укуктук ж.б. багыттагы актуалдуу темаларга арналган **“Атайын иликтөө”** (алып баруучулар Ыдырыс Исаков, Али Токтакунов ж.б.);

- Дүйнөлүк окуялар, көйгөйлөр, тенденциялар жана алардын Кыргызстанга таасирин талдоого арналган **“Биз жана дүйнө”** берүүсү (алып баруучулар: Айнура Жекше кызы, Али Токтакунов, Кубат Касымбеков);
- Ар бир жаңырган күндүн саясий, социалдык, маданий, илимий ж.б. маанилүү жаңылыктары, актуалдуу маектер, кызыктуу репортаждар, кыска жана нуска видеосюжеттер **“Бүгүнкү Азаттык”** берүүсүндө (Бурул Сарыгулованын жетекчилигиндеги кабарчылар тобу);
- Кыргызстандагы жана чет жердеги журтташтарыбыздын жашоосу, тагдыры, көйгөйү, ийгилиги жана кызыктуу көрүнүштөрү тууралуу **“Данисте”** программасы (алып баруучусу Сабыр Абдимомунов);
- Кыргызстан жайгашкан чөлкөмдөгү коомдук, саясий, экономикалык кырдаалга сересеп салган **“Каректе Евразия”** берүүсү (алып баруучулар: Бурул Сарыгулова, Рахат Кеңешова);
- Жаштарды түйшөлткөн маселелерди жаштардын көзү менен чагылдырган **“Азаттык+”** жаштар программасы. Алып баруучулары :Айкөл Нурланбеков, Айдана Топчубаева;
- Коомдук актуалдуу маселеге адистер жана серепчилердин анализин иш күндөрү түз эфирде талдоого алган **“Эксперттер талдайт”** берүүсү (алып баруучу - Бакыт Асанов);
- Күнүмдүк турмуш көйгөйлөрү, аял-эркекти, ата энени, уул-кызды ойлондурган маселелер, коомдогу ич ара мамиле-катыш, калыптанган көз караштар тууралуу сыр бөлүшүп, ачык-айрым талдоо максатында уюштурулган жаңы теледолбоорлордун бири **“Эже-сиңдилер”** тегерек столу. Алып баруучулар: Алия Суранова, Айгерим Акылбекова.

Бул теледолбоорлордон тышкары, “Азаттыктын” радиочыгарылыштары дагы үзгүлтүксүз даярдалып жатат [6].

Аталган теледолбоорлордун чагылдырган тармактары, мазмуну, алып баруучуларынын чеберчилиги көрөрмандар тарабынан бааланып жаткандыгы белгилүү. Андыктан, бир кездеги “Азаттык” радиосунун азыркы кыргыз кызматы кыргыз журналистикасынын ар тараптуу өнүгүшүнө салым кошту деп айтууга негиз бар. Маалымат издөө, даярдоо жана таратууда, калкка жугумдуу радио жана теледолбоорлорду даярдоодо “Азаттык” медиамекемеси мыкты мектеп катары дагы кызмат өтөдү десек болот.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Көзкарандысыз журналистика колдонмосу. Д. Поттер. Которгон А. Акматова – Бишкек, 2008. – 62 б.
2. Окуяга негизделген иликтөө. Журналисттик иликтөө үчүн колдонмо. Марк Ли Хантер. Которгон А. Акматова. – Бишкек, 2012. - 148 б.

3. Тынчтыкбек Чоротегин.Ала-Тоонун батыштагы бүркүтү. Бишкек, 2010. – 425 б.
4. Радио жана телепрограммаларды түзүүнүн этикалык критерийлери.Интерньюс. – Бишкек, 2012. – 87б.
5. Эларалык журналистиканын стандарттары. Орусчадан которгон Ш.Дүйшеева. Ред: К. Оторбаев. – Бишкек, 2012. - 126 б.
6. www.azattyk.kg

***Рецензент: Акынбекова А.У*** *– филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын терминологиялык комиссиясынын башкы адиси.*